**«РСК Банк» ААК эл аралык төлөм карталар боюнча кызмат көрсөтүү ЭРЕЖЕЛЕРИ**

(Банк Башкармасынын 2022-жылдын 17-мартындагы № 10/13 токтомунун редакциясына ылайык)

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Аталган Эреже «РСК Банк» ААК (мындан ары – Банк) Visa/MasterCard (мындан ары – Төлөм Карта) эл аралык төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө тартиптерин, Төлөм карталарын пайдалануу менен операциялар аткарыла турган банктык эсептерди ачууну жана жүргүзүүнү, Төлөм карталарын алган жеке адамдарды тейлөө шарттарын, ошондой эле Төлөм карталарын пайдалануу менен операцияларды жүргүзүү тартиптерин аныктайт.

1.2. Аталган Эреже Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актыларына, Төлөм системасынын эрежелерине жана нускамаларына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Аталган Эреже Төлөм карта ээлери үчүн жалпы мааниге ээ (типтүү) болуп саналат жана Банк менен жеке адамдын ортосунда түзүлгөн (мындан ары - Келишим) төлөм картаны чыгаруу менен жеке адамдардын карта- эсеп келишиминин жобосун жана шарттарын аныктайт.

1.4. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 387-беренесине ылайык, жеке адамды аталган Эрежелерге камтуу жолу менен Келишим түзүлөт. Келишим түзүүнүн максаты - Банк бекиткен форма боюнча Төлөм карта алууга жеке адам Арыз-Анкетасын берет .

1.5. Төлөм карта ээси Эрежелерге камтылуу менен аталган Эрежелерде каралган бардык милдеттенмелерди өзүнө алат.

1.6. Карта-эсеп Кыргыз сому, АКШ Доллары же Евро акча бирдиктеринде жүргүзүлөт.

1.7. Банк, Келишимдин жарактуу мөөнөтүнүн ичинде Төлөм карта ээси корото (пайдалана) албаган карта-эсептеги акча каражаттарынын (туруктуу калдык) минималдуу өлчөмүн бекитүүгө укуктуу. Туруктуу калдыктын өлчөмү Банктын Тарифтери менен каралат.

1.8. Аталган Эрежелер жана Тарифтер Банктын www.rsk.kg расмий веб-сайтына жана Төлөм карта ээлерин тейлеген Банктын бөлүмдөрүнүн маалыматтык такталарына жайгаштырылат.

1.9. Төлөм системасы аркылуу жана Процессинг борборунан Банктын алган Операцияларынын реестри жана башка документтери Кардардын карталык операцияларын тастыктаган расмий документ болуп санала тургандыгына Тараптар макул болушту.

1.10. Карта операциялары боюнча көрсөтүлгөн Банктын тейлөөгө төлөм акылары (комиссия) Банктын ошол мезгилдеги Тарифтери боюнча алынат.

1.11. Төлөм карта ээси «РСК Банк» ААК системасында ачылган Төлөм карта ээсинин ар кандай банктык эсептеринен, карта-эсебиндеги акча каражаттарды акцептсиз алуу ыйгарым укугун Банкка берет.

1.12. Карта-эсебине келип түшкөн акча каражаттары жалпы карыздын суммасын кийинки мезгилдин датасына таандык бөлүгүн жабуу үчүн Банк тарабынан жиберилет:

- Төлөм карта ээсинин карыздарды кечигип төлөгөндүгү үчүн туумдар (аталган Эрежелердин шарттарына ылайык, Банктын комиссиялары, төмөндөбөгөн калдыктын суммасын толуктоо, карта операцияларынын суммасын калыбына келтирүү, ошондой эле Төлөм карта ээсинин Банктын алдында жабылбаган башка карыздары);

- Техникалык Овердрафт;

- Төлөм карта ээси же Кошумча Төлөм карта ээси аталган Эрежелердин шарттарын бузган жана Төлөм картасын жана ПИН-кодду үчүнчү жакка берген учурда жүргүзүлгөн төлөмдөр үчүн;

- Жүргүзүлгөн Карта операциялары, ошондой эле Төлөм картасын пайдалануу менен үчүнчү жактын жүргүзгөн карта операциялары, анын аналогу же Төлөм картасынын реквизиттери үчүн;

- Төлөм карта ээсинин Банктын алдындагы башка милдеттенмелери.

1.13. Эгерде Карта ээси Карта операцияларын карта- эсебинин валютасынан айырмаланган башка валютада жүргүзсө, Банк сумманы Банктын коммерциялык курсу боюнча алмашат (которот). Мында, операцияны жүргүзүү учуруна карата курс Банк тутумундагы аны иштеп чыгуу учурундагы курстан айырмаланышы мүмкүн, бул операцияны жүргүзүү учурунда төлөм картасы боюнча калдыгы

кыскарган сумма менен Банк тутумунда операцияны иргөө учурунда төлөм карта боюнча ага карата калдык төмөндөгөн  сумма менен Банк тутумунда операцияны иргөө учурунда карта эсебинен иш жүзүндө чыгарылып салынган сумманын ортосундагы айырмачылыкка алып келиши мүмкүн. Курстук айырмачылык, эгерде ал  пайда болгон болсо Банк тутумунда операцияны иргөө учуруна карта эсебинен/не чыгарылат/чегерилет. Карта эсебинен акча каражаттарын эсептен чыгарып салуу карта эсебинен каражаттарды чыгарып салуу күнүндө Банктын коммерциялык курсу боюнча Карталык операцияны (авторизацияны) жүргүзгөндөн кийин 2-30 күндүн ичинде чегерилет. Ушуга байланыштуу, Карталык операцияны (авторизацияны) жүзөгө ашырган учурда, операциянын суммасы карта- эсебиндеги карыздын алдын алуу үчүн авторизациянын суммасынан 5% (беш пайыз) өлчөмүндө автоматтык түрдө түзөтүү коэффициентине көбөйөт. Бул корректировкалоо үзөтүү банкоматта, кассада же интернет-сайтта көрсөтүлүүчү операциялардын суммасы менен валютаны конвертациялоо учурунда карта-эсебинен чыгарылып салынган иш жүзүндө сумманын ортосундагы айырмачылыктан келип чыгат. Түзөтүү коэффициентинин айырмасы Кардардын карта эсебинен каражаттарды иш жүзүндө чыгарып салгандан кийин кайтарылат. (ББ 2018-жылдын 26-июнундагы № 28/1 редакциясына ылайык).

## 2. Терминдер жана аныктамалар

2.1. **Авторизация** – колдонуучулардынтейлөө түйүндөрүндө транзакцияларды өткөрүүгө укуктарын текшерүү, анын жыйынтыгы болуп кардарга операцияларга уруксат берүү же тыюу салуу (мисалы, сатып алуу-сатуу актыларын жүргүзүү, нак алуу, ресурстарды же кызматтарды колдонуу) болот.

2.2. **Авторизация лимити** – банктын Төлөм картасын пайдалануу менен операция жүргүзүү үчүн банктын Төлөм карта ээсине жеткиликтүү акча каражаттардын чектелген суммасы.

2.3. **Төлөм карта ээси (Кардар)** –  Банк тарабынан ага таандык негизги жана кошумча Төлөм карта чыгарылган жеке адам. Негизги Төлөм карта ээси кошумча Төлөм карта чыгарылышы мүмкүн болгон эсептин ээси болуп саналышы мүмкүн. Кошумча Төлөм карта ээси эсептин ээси болуп саналбайт.

2.4. **Негизги Төлөм карта** – соода жана тейлөө борборлорунун товарларын же тейлөөсүн нак эмес төлөө, акча которуу, нак акча алуу, ошондой эле аталган Эрежелер менен каралган башка операцияларды жүргүзүү үчүн Төлөм карта ээси колдонгон Банктык Төлөм карта.

2.5. **Кошумча Төлөм карта** –  Негизги Төлөм карта ээсинин арызынын негизинде Негизги Төлөм картага кошумча берилген банктын Төлөм картасы.  Кошумча Төлөм

карта Негизги Төлөм карта ээсинин атына же башка физикалык жактардын (Төлөм карта ээсинин үй-бүлө мүчөлөрү ж.б.) атына чыгарылат.

2.6. **Арыз-Анкета** – Кардар тарабынан кол коюлган, банктык Төлөм картасын алууга/ кайра чыгарууга жазган Кардардын арызы.

2.7. **Карта-эсеби** – Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана аталган Эрежелерге ылайык, карта боюнча акча каражаттарынын жүгүртүү жана транзакцияларды жүргүзүү үчүн Банк тарабынан Кардарга ачылган Банктык эсеп.

2.8. **Төлөм картага бөгөт коюу** – карталык операцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн токтоткон же убактылуу токтоткон Банктын чаралары (акыркы учурда аны колдонууда Системадан (банкоматтарга картаны киргизүүдө) алып коюу каралат));

2.9. **Билдирүү кагазы (выписка)**– аталган Эрежелердин шарттарын эске алуу менен, Төлөм карта ээсинин суроо-талабы боюнча таризделүүчү жана Төлөм карта ээсинин суроо-талабында белгиленген мезгилде карта-эсеп боюнча жүргүзүлгөн операцияларды чагылдыруучу Карта-эсеп боюнча билдирүү кагазы.

2.10. **Код сөзү** – телефон аркылуу Кардарды идентификациялоо үчүн Тараптар колдонгон, Төлөм картаны алуу арызында же Кардардын Банкка берген башка документтеринде белгиленген жана Кардар тандаган, тамга-сандан турган тутум.

2.11. **PIN-код** – автоматтык режимде карта операцияларын жүргүзүүдө Төлөм карта ээсин идентификациялоо үчүн кызмат кылган 4 белгиден турган Жеке Идентификациялык номур (жашыруун код). Пин-код Төлөм карта ээсине гана белгилүү жана бир гана жолу карта менен бирге берилет.

2.12. **Пин-конверт** – PIN-код жазылган кагаз салынган, Төлөм карта ээсине берилүүчү, атайын чапталып бекитилген конверт.

2.13. **POS-терминал** – төлөм карталарынын жардамы менен нак эмес төлөмдөрдү жүргүзө турган электрондук терминал.

2.14. **Операциялардын реестри** – Системада Кардар тарабынан жүргүзүлгөн карта операцияларынын тизмеси. Операциялардын реестринде жүргүзүлгөн карта операцияларынын (сатып алуу, нак алуу, акча каражаттарын кайтаруу) суммасы карта- эсебинде акча бирдигинде көрсөтүлөт;

2.15. **Банкомат** – төлөм карталарды колдонуу менен төлөм карта ээлерине нак акча алууга жана Банктын башка тейлөөлөрүн пайдаланууга мүмкүндүк берген электрондук- механикалык жабдык.

2.16. **Банк күнү** – ишемби, жекшемби жана Кыргыз Республикасында расмий жарыяланган майрам күндөрүнөн башка иш күндөрү - Банктык жумуш күндөр.

2.17. **Төлөм картасынын жарактуу мөөнөтү** – тейлөө жайларында операция жүргүзүүгө картаны пайдалана турган мезгил. Жарактуу мөөнөтү өткөн Төлөм карта Кардар Банка арыз менен жеке кайрылганда кайра чыгарылат.

2.18. **Төлөм система** (мындан ары - **Система**) – Visa International Эл аралык төлөм системасы, MasterCard Incorporated төлөм системасы, аталган системанын ички эрежерине ылайык, Visa, MasterCard төлөм карталарын пайдалануу менен төлөм жүргүзүүнү камсыздаган программалык-техникалык каражаттардын, документтердин жана уюштуруу-техникалык иш-чаралардын топтому.

2.19. **Процессинг борбору** – Эсептешүүлөрдүн катышуучуларынын ортосунда маалыматтык жана технологиялык өз ара кызматташууну камсыздаган юридикалык жак.

2.20. **Төлөм картанын реквизиттери** – төлөм картанын оң жана тескери бетинде, ошондой эле төлөм картанын магниттик сызыгында жана чибинде (чип) жазылган белгилердин жана сандардын жыйындысы.

2.21. **ЭБС (МТС)** — Эл аралык бейтарап сот.

2.22. **Овердра́фт** (англ. overdraft — пландан тыш, ашыкча чыгым) — карыз алуучу – кардардын карта-эсебинде акча каражат жетишпеген же жок болгон учурда товар жана тейлөө үчүн банктын карта-эсеби боюнча кредиттин берилиши. Бул учурда банк кардардын эсебинен акча каражатты толук көлөмдө чыгарып салат, б.а. акча каражаттарынын калдыгынан ашык суммадагы кредитти автоматтык түрдө кардарга берет.

2.23. **Техникалык Овердрафт** – кардардан көз карандысыз себептерден пайда болгон овердрафт (мисалы, курстук айырма).

2.24. **Банктын Терминалдык тармагы** – Төлөм системасы боюнча маалымат алуу же накталай эмес операцияларды жүргүзүү, накталай берүү, маалыматтарды берүү, тазалоо үчүн багытталган Банктын жабдыктарынын жыйындысы.

## 3. Карта-эсебин ачуу, Төлөм картаны берүү жана сактоо тартиптери

3.1. Карта-эсебин ачуу үчүн Кардар бекитилген формадагы Арыз-Анкетаны толтуруп, Банктын кароосуна берет.

3.2. Банк Арыз-Анкетанын негизинде, Банктын тарифтерине ылайык, ага төмөндөбөгөн калдыкты (муктаждыкка жараша) калтыруу менен Кардарга карта-эсебин ачат жана Төлөм карта ээсинин атына Төлөм карта ачат.

3.3. Карта Банктын менчиги болуп саналат. Аталган Эрежелердин шарттарына, 2005-жылдын 9-сентябрындагы №420/21/4 Кыргыз Республикасында нак эмес эсептешүүлөр тууралуу Жобого жана ылайык, Төлөм картаны жана PIN-кодду коопсуз сактоо, колдонуу үчүн Карта ээси жоопкерчилик алат.

3.4. Даярдалган Төлөм картаны Банк Кардарга же Кардардын ишеним катынын негизинде анын ишенимдүү адамына берет. Төлөм картаны алууда, Төлөм картанын тескери бетиндеги атайын каралган жерге Кардар өзү кол тамга коет.

3.5. Төлөм картаны башка жактарга колдонууга же күрөө катары берүүгө тыюу салынат. Ыйгарым укугу жок жак көрсөткөн Төлөм карта алынып салынат.

3.6. Төлөм Картаны жагымсыз факторлордун таасиринен коргоо: электромагниттик талаадан (магниттелген же магнити бар буюмдардан, мисалы ачкыч, сумкалардын магниттик кулпуларынан, дисплейлерден алыс кармоо), механикалык чийилүүлөрдөн (чийилүү, кирдетүү, ысытуу (мисалы, күндүн нуру) ж.б.), магниттик сызыкчадагы жана чиптеги жазуунун механикалык урунуусунан коргоо, автоматтык режимде операция жүргүзүүнүн мүмкүн эместигине алып келүүдөн сактоо. Төлөм картаны колдонууда күчкө салуунун кереги жок.

3.7. Авторизациялоо Автоматтык режимде жүргүзүлгөн жана PIN-кодду терүү менен тастыкалуучу карта операцияларын Банк Төлөм Карта ээси жүргүздү деп эсептейт.

3.8. Карта ээсине Төлөм Карта кайтарылгандан кийин, ага конвертте катылган PIN-код берилет. Конвертти алгандан кийин дароо ачып, PIN-кодду эстеп калып, конвертти жок кылуу сунуш кылынат. PIN-код Банктын кызматкерлерине белгилүү эмес жана Төлөм картаны колдонуп жаткан бардык мезгилде Карта ээси аны жашыруун сакташы керек.

**PIN-коддун купуялыгын камсыздоо үчүн бекитилген эрежелерди сактоо керек:**

- Төлөм Карта ээси PIN-кодду кайсы-бир жерге жазып койгон болсо, анда Төлөм Картаны жана ошол жазууну эки бөлөк сакташы керек;

- электрондук жабдыктын клавиатурасында PIN- кодду терип жатканда кимдир-бирөөнүн сандардын тутумун көрүп калуусуна мүмкүнчүлүк бербөө;

- PIN-кодду картанын өзүнө эч качан жазбоо зарыл. PIN-кодду Төлөм Картага жазууга байланышкан дооматтар каралбайт.

**Кардардын/Төлөм Карта ээсинин карта номуру же/ жана PIN-коду тууралуу маалыматты айтуунун натыйжасындагы операциялар үчүн Банк жоопкерчиликтүү болбойт.**

**3.9** PIN-код терилгенде сандар электрондук жабдыктын дисплейинде атайын көрүнбөйт жана шарттуу белгилер менен алмаштырылат. Катага жол бербөө маанилүү. Үч жолу катарынан туура эмес PIN-код терилсе (ар кандай убакыт аралыкта, бир же ар кандай электрондук жабдыктарды колдонуу менен) төртүнчүсүндө Банк Картаны кулпулайт, ал банкоматта кармалат, мында, жагдай териштирилгенге чейин Тейлөө ишканасы же пункту тарабынан алынып коюлат.

**4. Төлөм Картаны колдонуу.**

4.1. Банк,Төлөм Картаны тейлөөнү, аны түз көзөмөлдөө менен электрондук системанын жана жабдыктын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздайт жана Банктан көз каранды болбогон себептерден улам иштебей калган учурда аны калыбына келтирүү үчүн бардык чараларды көрөт.

4.2. Төлөм Карталарын тейлөөчү бардык соода-тейлөө ишканалары (СТИ) жана нак акча берүү пункттары (НБП) Төлөм карта ээлерин Карта тейлөөлөрүнүн мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымдоо үчүн Visa International Эл аралык төлөм системасынын, MasterCard Incorporated Эл аралык төлөм системасынын логотиптери менен жабдылат. Төлөм Карта ээси Карта операцияларын жүргүзүү үчүн СТИ же НБП кассирлерине Картаны көрсөтөт же банкоматтын өзүн-өзү тейлөө режиминде иш жүргүзөт.

4.3. Кассир Картаны алып, Карта операцияларын авторизациялоо үчүн Авторизация борборуна суроо-талап жиберет. Кассир Авторизацияны электрондук терминал аркылуу жиберет. Кассир Картаны терминалдын эсептөө жабдыгына салып, операция суммасын терет жана Төлөм Карта ээсине атайын клавиатурада PIN-кодду терүү менен операцияны тастыктоону сунуштайт. Суроо-талап байланыш каналдары аркылуу Банкка келип түшөт. Төлөм Карта ээси PIN-кодду туура терип жана эсепте жетиштүү каражат болгон учурда, жүргүзүлгөн операцияны тастыктаган эки нускамадагы чек басылып чыгат. Кассир Төлөм Карта ээсине чектин бир нускамасын берет. Төлөм Карта ээси чектеги көрсөткүчтөрдүн аныктыгын текшерет. Кабыл алынган технологияга жараша, чек Төлөм Карта ээсинин жана кассирдин кол тамгалары менен күбөлөндүрүлөт. Кассир Кардардан инсандыгын тастыктаган документти талап кылууга укуктуу. Документи жок болсо ал Төлөм карта ээсинин операцияларын жүргүзүүдөн баш тартууга укуктуу.

4.4. Банкоматтын өзүн-өзү тейлөө режимин пайдаланып, Төлөм Карта ээси нак акча алат. Банкомат аркылуу Карта операциясын жүргүзгөндөн жана банкнотторду алгандан кийин чек чыгарылат. Төлөм карта ээсинин маалыматтарын купуя сактоо үчүн чекти алып кетүү жана банкоматтын жанында калтырбоо сунушталат.

4.5. Банкомат менен иштөөдө Карта ээси 20-40 секунддун ичинде картаны же берилген акча каражаттарды берүү жабдыгынан албаса, Төлөм Карта ээсинин каражаттарын сактоо максатында коргоо системасы иштей тургандыгын жана карта же акча каражаттары банкоматтын ичине тартылып, атайын суурумада кармала тургандыгын эсиңиздерге салабыз. Бул учурда Картанын кармалуу себептерин тактагандан жана Банк менен консультациядан кийин, бул банкоматты тейлеген жергиликтүү банк - Системанын катышуучусу (мындан ары – жергиликтүү банк) аркылуу карта өз Ээсине кайтарылып берилет, ал эми банкомат кайрадан инкассацияланганда жана Төлөм Карта ээси тарабынан алынбаган нак акчанын суммасы такталгандан кийин, авторизация фактысы боюнча Төлөм Карта ээсинин карта-эсеби боюнча жазылган операция суммасын (же анын алынбаган бөлүгүн) калыбына келтирүү жүргүзүлөт. Төлөм Карта ээси бул банкоматты тейлеген жергиликтүү банк менен сүйлөшүү үчүн Банкка кайрыла алат.

4.6. Банктын жабдууларында Карта же/жана акча каражаттары кармалып калган учурда Банктын бөлүмдөрү тарабынан изилдөө жүргүзүлгөндөн кийин Карта же/жана акча каражаттары кардарга кайтарылып берилет, бирок Карта же/жана акча каражаттарын кайтарып берүү тууралуу Төлөм Карта ээсинин арызынан кийинки 10 банктык күндөн кечиктирилбөөгө тийиш.

## 5. Төлөм Картаны пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөө

5.1. Банк Төлөм карта ээлерине Интернет-төлөмдөрдүн ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүү шарттарын бир тараптуу тартипте жөнгө салууга, анын ичинде, бардык Банктык карта ээлери үчүн умолчание шартында Интернет-төлөмдөрдүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн ачууга же жабууга укуктуу.

5.2. Кардар өзүнүн Төлөм Картасынын реквизиттерин көрсөтүү менен, Интернет байланышы аркылуу төлөм жүргүзүүдө сатуучу-фирманын ишенимдүүлүгүн өз алдынча баалайт (иштин мөөнөтүн, аброй, почта дарегин).

5.3. Эгерде, Төлөм Карта ээси сатып алуучу товар/тейлөө үчүн Интернет аркылуу картанын маалыматтарын пайдаланып, төлөм жүргүзүүнү кааласа, мында Карта ээси өзүнүн төмөнкүлөргө толук жана шартталбаган түрдө макул экендигин тастыктайт:

- Төлөм Картанын маалыматтарын (Картанын номуру, жарактуу мөөнөтү, CVV2 ж.б.) жана Карта ээсинин маалыматтарын пайдалануу менен Карта ээсинин Интернет аркылуу жүргүзүлгөн операциялары боюнча Банк сатуучу жана/же Төлөм системасы жана/же сатуучунун Банкы тарабынан операциялардын суммасына жана операциялардын бул түрү үчүн колдонулган комиссиялардын суммасына Карта-эсеби дебеттелет.

- Төлөм Карта ээси Төлөм карта маалыматтарын жана/же Төлөм Карта ээсинин маалыматтарын пайдалануу менен Интернет аркылуу жүргүзүлгөн бардык операциялар үчүн жоопкерчилик алат, ал тургай операцияларды Төлөм Карта ээси өзү жүргүзбөй, Төлөм Карта ээсинин Интернет аркылуу төлөм жүргүзүү учурунда карта маалыматтары үчүнчү жакка белгилүү болуу менен, үчүнчү жак тарабынан жүргүзүлгөн операциялар, Карта туура эмес сакталгандыгы жана ал үчүнчү жактын колуна тийгенде, Төлөм Карта ээсинин макулдугусуз Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү Карта жана/же Төлөм Карта ээсинин маалыматтары ар кандай себептерден улам үчүнчү жакка белгилүү болгондугунун натыйжасында жүргүзүлгөн операциялар үчүн дагы жоопкерчиликтүү болот;

5.4. Бул аркылуу Төлөм Карта ээси төмөнкүлөргө байланыштуу тобокелдердин бардыгын өзүнө кабыл ала тургандыгын тастыктайт:

- Картаны колдонуу менен Интернет аркылуу төлөм жүргүзүүдө акыркы жолу колдонгон үчүнчү жакка Карта жана/же Карта ээсинин маалыматтарынын жеткиликтүү болуп калуу мүмкүндүгүнө;

- Картанын жана/же Төлөм Карта ээсинин маалыматтарынын үчүнчү жакка белгилүү болуп калуусу менен Интернет аркылуу ар кандай төлөмдөргө.

5.5. Үчүнчү жактын Картаны жана/же Төлөм Карта ээсинин маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу төлөөнүн жыйынтыгында мүмкүн болгон бардык жоготууларды, чыгымдарды ж.б. Төлөм Карта ээси өзүнө алат жана муну менен ал Картаны жана/же Төлөм Карта ээсинин маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу төлөм жүргүзүүгө байланыштуу мүмкүн болгон тобокелдер тууралуу маалымдагандыктан мындай учурда ал Банкка доомат артпай же ага каршы эч кандай доо койбой тургандыгын кепилдейт. Мында Картаны жана/же Төлөм Карта ээсинин маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу төлөөнүн техникалык мүмкүнчүлүгүн ага берүү тууралуу кабардар экендигин Төлөм Карта ээси мойнуна алат жана тастыктайт, ошондой эле, ал мунун менен Банкты кандайдыр-бир жоопкерчиликтен бошотот, ал эми, Банк Картаны Төлөм Карта ээсинин өзү сыяктуу эле, Төлөм Карта ээсинин ыйгарым укуктуу же ыйгарым укуктуу эмес кайсы болбосун үчүнчү жагы тарабынан пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөм жүргүзүүдө Төлөм Карта ээси үчүн келип чыга турган ар кандай кесепеттер үчүн анын алдында эч кандай жоопкерчилик тартпайт.

5.6. Сатып алардын алдында, веб-сайттын башкы бетиндеги товарды/тейлөөнү жеткирүү жана калыбына келтирүү, кайтарып берүү шарттары камтылган шилтемелер менен жакшылап таанышыңыз.

5.7. Веб-сайттын башкы бетинде белгиленген мүмкүн болгон тобокелдиктер менен жакшылап таанышыңыз.

5.8. Сатып алууларга төлөө үчүн гана жетиштүү болгон гана Карта маалыматтарын бериңиз. Карта маалыматтарын электрондук почта аркылуу үчүнчү жакка эч качан бербеңиз.

5.9. Кардардын текшерилбеген интернет-ресурстарды пайдаланууда купуя маалыматтарды жоготкондугу үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

5.10. Алдамчылык менен иш алып барган сайттарда жүргүзүлгөн транзакциялар үчүн Банк жоопкерчилик тартайт.

5.11. Чет өлкөгө сапарда картаны пайдаланууда Карта маалыматтарынын уруксатсыз пайдалануусуна жол бербөө үчүн жаңы номурлуу жана жаңы пин-коддуу картаны кайра чыгартуу сунушталат.

5.12. Кардарга таандын карта-эсеби боюнча чыгарылган негизги карта боюнча дагы, кошумча карта боюнча дагы жүргүзүлгөн бардык интернет-операциялар үчүн Кардар толук жоопкерчилик тартат.

## 6. Төлөм картасына бөгөт коюу

6.1. Төлөм Карта жоголгон же уурдалган учурда «РСК БАНК» ААК Төлөм карта ээлерин колдоо борборуна тезинен жазуу же оозеки түрдө Картага Бөгөт коюу тууралуу кайрылуу керек. Анда Төлөм карта ээсинин аты-жөнү сөзсүз түрдө билдирилет жана мүмкүнчүлүккө жараша, кошумча маалыматтар белгиленет: туулган жылы, Картанын номуру жана жарактуу мөөнөтү, картага бөгөт коюунун себептери. «РСК БАНК» ААК Төлөм карта ээлерин колдоо борборунун дареги жана телефону: Бишкек ш. Жаш Гвардия бульвары 38а, тел. +996(312) 65-03-85.

6.2. Картага бөгөт коюу тууралуу оозеки талап Код сөзүн белгилөө менен , ошондой эле оозеки билдирүүдөн кийинки 2 банктык күндүн ичинде Банктын тиешелүү филиалына берилүүчү Төлөм карта ээсинин жазылган арызы менен тастыкталууга тийиш. Төлөм Карта ээсинин чет өлкөдө болгондугуна же башка себептерге байланыштуу белгиленген мөөнөттө Банкка келе албаган учурунда ал бөгөт коюу талабын чет өлкөдөн келээри же мүмкүнчүлүк болоору менен жазуу түрүндөгү арызын Банкка берет.

6.3. Мүмкүн болгон ар кандай талаш жагдайларын талдоо максатында Банкка телефон аркылуу кайрылуу магниттик алып жүрүүчүдө катталып турат.

6.4. Банк Код сөзүн көрсөтүү менен картага бөгөт коюу фактысын белгилөөдө бөгөт коюу кесепеттерине болгон дооматтарды Банк кабыл албайт.

6.5. Төлөм Карта ээсинин кошумча жазылган арызынын негизинде Картага бөгөт коюлгандан кийин, Банк Төлөм карта ээсинин эсеби боюнча жаңы номурлуу жана жаңы PIN-коддуу жаңы Карта чыгарат.

6.6. Жоголду деген арыз түшкөн Картаны таап алган Төлөм Карта ээси бул тууралуу Банкка тезинен билдирүүсү жана андан кийин Картаны Банкка кайтарып берүүсү керек. Табылган картаны кайтарып бербеген учурда Төлөм Карта ээси Картаны кайтарып бербөө менен байланышкан бардык тобокелдиктерди өзүнө алат жана Картаны кайтарып бербөө менен байланышкан бардык чыгымдарды төлөйт.

6.7. Төлөм карта ээси Картанын сакталышына көңүл кош мамиле кылган же карта ээсинин картасына бөгөт коюлганда PIN-коддун купуялыгын сактабаган учурда, ошондой эле, Төлөм Карта ээсинин атайын мыйзамга каршы аракеттери аныкталган учурда Банк ага карата жоопкерчилик чараларын көрүүгө укуктуу.

6.8. Банк Бөгөт коюлган карталарды уруксатсыз пайдаланууга жол бербөө максатында карталарды тейлөө пункттары тармагы боюнча Бөгөт коюлган карта реквизиттерин жиберүүгө укуктуу.

## 7. Төлөм карталарын кармап калуу

7.1. Тейлөө ишканаларында же нак акча берүү пункттарында Төлөм карталары төмөнкү учурларда кармалат:

- Картага бөгөт коюлганда;
- Карта көрсөтүүчү Карта ээси болуп саналбаган учурда;
- Төлөм Карта ээси картаны Карта операцияларын жүргүзүү учурунда ал жерге унутуп калганда.

7.2. Картаны кармап калуу Тейлөө ишканаларынын же нак акча берүү пункттарынын кассири, банкомат, Банктын кызматкери тарабынан кармалат. Карта кармалганда тиешелүү акт түзүлөт (анын банкоматтан кармалгандан башка учурларында).

7.3. Картаны кармап калуу себептери Банк тарабынан кийинки банктык күндүн ичинде, Төлөм Карта ээсинин Банкка же жергиликтүү банкка –Visa International Эл аралык төлөм системасы, MasterCard Incorporated төлөм системасынын мүчөлөрүнө жазуу же оозеки (телефон аркылуу) кайрылуусунан кийинки күнү териштирилет.

7.4. Банк же жергиликтүү банк Төлөм Карта ээсинин жазылган арызынын негизинде карта боюнча тиешелүү чечим кабыл алгандан кийин Кармалган Картаны Банк Төлөм карта ээсине кайтарып берет.

## 8. Төлөм карта боюнча жазуу билдирүүлөрүн алуу

**8.1.** Төлөм Карта ээси жазуу билдирүүлөрүн төмөнкүлөрдөн ала алат:

- Банктын түздөн-түз операция жүргүзүүчүсүнөн;
- банкомат аркылуу кичи-билдирүүлөрдү алуу. Акыркы жүргүзүлгөн 10 операция боюнча маалыматтар көрсөтүлөт.

## 9. Картанын жарактуу мөөнөтү, картаны колдонууну токтотуу, картаны алмаштыруу.

9.1. Картада анын жарактуу мөөнөтү көрсөтүлөт (жылы жана айы). Карта, анда көрсөтүлгөн айдын акыркы күнүнө чейин жарактуу болот. Мөөнөтү өткөн Карталардын бардыгына бөгөт коюлат жана алар Банкка өткөрүлүүгө тийиш.

9.2. Карта ээси Картаны колдонуудан баш тарткан учурда ал тиешелүү арыз менен Банкка кайрылат жана Картаны өткөрүп берет.

9.3. Картанын жарактуу мөөнөтү бүткөн, Карта урунулган, PIN-код ачылбаган учурда Карта жаңыга алмаштырылат. Мурунку Карта Банкка өткөрүлүп берилет.

9.4. Жарактуу мөөнөтүнүн өтүшү жана Төлөм Карта ээсинин банктын төлөм картасын колдонууну улантуу каалоосу боюнча Төлөм Карта ээси картанын жарактуу мөөнөтү аяктаганга чейинки 10 банктык күндөн кечиктирбестен, анын жарактуу мөөнөтүнүн аякташы менен картаны кайра чыгаруу арызын жазып Банкка кайрылууга милдеттүү.

## 10. Банктын укуктары жана милдеттери

### 10.1. Банктын укуктары:

10.1.1. Тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор күчүнө киргенге чейинки 10 (он) банктык күн мурда, бул өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Банктын бөлүмдөрүнүн маалыматтык такталарына илүү жана/же Банктын www.rsk.kg расмий сайтына жайгаштыруу аркылуу, булар тууралуу билдирүү менен карта-эсеп боюнча пайыздык схемаларды жана чендерди жана Банктын тейлөө нарктарын бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө;

10.1.2. Системанын фирмалык логотиптери бар бардык жабдууларда карта операцияларын жүргүзүү үчүн Банк тарабынан берилген Картаны Төлөм Карта ээси пайдаланууга кабыл алат.

10.1.3. Жаңы шарттар колдонулганга чейинки 10 (он) банктык күн мурда тиешелүү маалыматтарды Банктын маалымат такталарына жана www.rsk.kg корпоративдик сайтына жайгаштыруу аркылуу Кардарга алдын ала билдирүү менен аталган Эрежелерди өзгөртүүгө жана толуктоого.

10.1.4. Кардар аталган Эрежелердин 11.2.17-пунктунда каралган маалыматтарды убагында бербеген, Төлөм Карта ээси аталган Эрежелердин шарттарын бузган жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган башка учурларда, Кардардын карта-эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүнү токтотуу тууралуу алдын-ала билдирүү жибербестен же бир календардык ай ичинде Кардарга билдирүү жиберүү менен бир тараптуу тартипте, Келишимди бузуу жана карта-эсебин жабууга.

10.1.5. Карта операцияларын жүргүзүүдө PIN-кодду туура терген фактысында жүргүзүлгөн операциялардан баш тартуу тууралуу Кардардын дооматтарын карап чыгуу үчүн кабыл албоого.

10.1.6. 30 (отуз) календардык күн мурда жүргүзүлгөн Карта операциялары боюнча түшкөн дооматтар карап чыгууга кабыл албоого.

10.1.7. Банк чыгаргандан кийин 3 (үч) айдын ичинде Картага Кардардын суроо-талабы болбосо Картаны жок кылуу.

10.1.8. Төлөм Карта ээсинин карта-эсебинен акцептсиз тартипте төмөндөгүлөрдү чыгарып салуу:

- Операциялардын реестринде белгиленген Карта операцияларынын суммасын;

- Төлөм Карта ээсинин Карта операцияларын жүргүзүү учурунда иштеп жаткан Банктын Тарифтерине ылайык эсептелген комиссия суммасын;

- Төлөм Карта ээсинин Банкка болгон карыздарынын суммасын ( туумдары менен кошо);

- Банк тарабынан Төлөм карта ээсинин Эсеп-картасына жаңылыш которулган акча каражаттардын суммасын;

- Төлөм Карта ээсинин карта-эсеби боюнча чыккан Негизги/Кошумча карталар аркылуу аткарылган операциялары боюнча акча каражаттарынын суммасын;

- Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарына ылайык документтердин негизинде өндүрүлгөн акча каражаттарды;

- Төмөндөбөгөн калдык суммасын калыбына келтирүү максатындагы акча каражаттарды;

10.1.9. Карыздын пайда болуусу тууралуу Төлөм Карта ээсине билдирилгенден тартын 5 (беш) банктык күн ичинде алар жабылбаган учурда Төлөм карта ээсинин карта-эсебинде каражаттар жетишсиз болгондо Төлөм Карта ээсинин «РСК Банк» ААК ачылган банктык эсебинен акча каражаттарды акцептсиз тартипте алуу:

- Төлөм Карта ээсинин Банкка болгон карыздарынын суммасын ( туумдарын кошо);
- Төлөм Карта ээсинин карта-эсеби боюнча чыккан Негизги/Кошумча карталар аркылуу аткарылган операциялар боюнча акча каражаттарынын суммасын;
- Төмөндөбөгөн калдык суммасын калыбына келтирүү максатындагы акча каражаттарды.

10.1.10. Карта эсебинде акча каражаттары жетишсиз болгондо, ошондой эле, макулдашылган Овердрафт, ал боюнча пайыздар жана Тарифке ылайык сыйлыктар болбогон учурда аталган Эрежелерден келип чыккан чыгымдарды жана төлөмдөрдү төлөө үчүн акча каражатын Төлөм Карта ээсинин төмөндөбөгөн калдыгынан акцептсиз тартипте алууга.

10.1.11. Төмөнкү учурларда кийин жокко чыгаруу максатында картага бөгөт коюу жана 5 (беш) банктык күн ичинде Төлөм Карта ээсинен Картаны кайтарууну талап кылуу:

- Техникалык Овердрафт бир нече жолу пайда болгон учурда. Бул учурда Картанын бөгөт коюлушуна алып келген техникалык овердрафттардын мезгилдүүлүгү, саны жана суммасы ар бир конкреттүү учурда Банк тарабынан өз алдынча аныкталат;

- Чыгымдалган төмөндөбөгөн калдык суммасын Төлөм карта ээси толуктабаган учурда;

- Төлөм Карта ээси аталган Келишим жана Эрежелер боюнча милдеттемелерин аткарбаган учурда;

- Келишимди бузуу тууралуу билдирүү Тараптардын биринен келген учурда;

- Карта-эсеби боюнча операцияларды токтотуу же Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык Карта-эсебинин башка маселелери орун алган учурда камакка алуу;

- Төлөм Карта ээси Картаны жоготкон, уурдаткан жана/же уруксатсыз пайдалануу болгон учурда Картага бөгөт коюу тууралуу оозеки билдиргенде же арыз жазганда.

10.1.12. Төлөм Карта ээси Банктын комиссияларын убагында төлөбөгөн, төмөндөбөгөн калдык суммасын аталган Эрежелердин шарттарына ылайык толуктабаган, карта операцияларынын суммасын калыбына келтирбеген, ошондой эле, Банктын алдында башка карыздарын төлөбөгөн учурда, Банктын Тарифтерине ылайык, Овердрафт боюнча пайыздык чендин өлчөмүндө туум кошуп эсептөө. Туум суммасы Банк тарабынан Кардардын карта-эсебинен Кардарга алдын-ала кабарлабастан акцептсиз тартипте, Кардардын карта-эсебине каражат түшөөрү менен же Аталган Эрежелердин 10.1.9-пунктунда каралган тартипте, Кардардын башка эсептеринен чыгарып салынат.

10.1.13. Карта-эсебин ачууга Арыз-Анкета берилгенден кийинки 3 (үч) календардык айдан ашык мөөнөттө Төлөм Карта ээси Картаны алуу үчүн келбесе, Келишим бир тараптуу тартипте бузулат жана Карта жокко чыгарылат.

10.1.14. Негизги Карта жокко чыгарылганда Карта-эсеби боюнча таризделген Кошумча Карта жокко чыгарылат.

10.1.15. Төлөм Карта ээсин тейлөө төмөнкү учурларда токтотула турат:

- Система менен иштөөдө техникалык бузулуулар пайда болгондо, оңолгонго чейин;

- Программалык камсыздоону алмаштырууда жана профилактикалык иштер жүрүп жатканда.

10.1.16. Төлөм Карта ээси карыздарды төлөбөгөн учурда, Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык Төлөм Карта ээсинин картасы боюнча Карыздарды төлөө тууралуу сотко (Бишкек ш. МТС) доо менен кайрылуу.

10.1.17. Ошол учурда иштеп жаткан пайыздык схемага жана пайыздык чендерге ылайык акча каражаттардын Карта-эсебинде туруу мөөнөтүнө ылайык, банк продукттарына жараша акча каражаттардын калдыгына пайыздарды кошуп эсептөө.

## 10.2. Банктын милдеттери:

10.2.1. Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык, Карта-эсебин жана Картаны тейлөөнү камсыздоого.

10.2.2. Аталган Эрежелердин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Карта-эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүгө.

10.2.3. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамына ылайык, акча каражаттардын которулушу тууралуу төлөм документтери менен тастыкталган тиешелүү түрдө таризделген акча каражаттарды Банкка келип түшкөн күндөн кеч калтырбай Карта-эсебине которууга.

10.2.4. Карта-эсеби боюнча Төлөм Карта ээсинин тиешелүү арызы болгон учурда Төлөм карта ээсине же Төлөм карта ээсинин тиешелүү түрдө таризделип берген ишеним катынын негизинде аракеттенүүчү анын ыйгарым укуктуу жагына талап кылынган мезгил ичинде Карта-эсеби боюнча жүргүзүлгөн бардык Карта операциялары чагылдырылган кагаз түрүндөгү Карта-эсеби боюнча билдирмени берүүгө.

10.2.5. Төлөм Карта ээси картага бөгөт коюуга/бөгөттөн чыгарууга Арыз жазган учурда бир банктык күн ичинде Картага бөгөт коюу/бөгөттөн чыгаруу жүргүзүлөт.

10.2.6. Төлөм Карта ээсинин Банкка болгон карыздарын жабуу үчүн пайда болгон мындай Овердрафт пайда болгон учурдан баштап, 10 (он) банктык күндөн кеч калбай Техникалык Овердрафттын пайда болуусу тууралуу Төлөм карта ээсине жазуу түрүндө билдирүүгө.

10.2.7. Кардардын арызынын негизинде Карта-эсебин жабууга жана Банкка болгон тиешелүү карыздарды/комиссияларды кармап калгандан кийинки калган акча каражаттын суммасын Арызда көрсөтүлгөн реквизиттерге ылайык которууга же аталган Эрежелерде белгиленген мөөнөттөрдө бардык өз ара эсептешүүлөр бүткөндөн кийин акча каражаттарды нак берүүгө.

10.2.8. Төлөм Карта ээсинин Банкка карыздары болбогон учурда аталган Эрежелердин 10.2.7-пунктуна ылайык, Картаны жокко чыгаруудан 30 календардык күн өткөндөн кийин Төлөм Карта ээсине төмөндөбөгөн калдыктын суммасын кайтарып берүүгө.

## 11. Төлөм карта ээсинин укуктары жана милдеттери

### 11.1. Төлөм карта ээсинин укуктары:

11.1.1. Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык картаны колдонуу.

11.1.2. Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарына, Банктын ченемдик документтерине жана аталган Эрежелерге каршы келбеген, Төлөм Карта ээсинин Карта-эсебиндеги акча каражаттардын суммасынын калдыгынын чегинде карта операцияларын жүргүзүүгө.

11.1.3. Карта-эсебин нак акча каражаттар, ошондой эле, эмгек акыны, пенсияны, социалдык жөлөк пулдарды, алименттерди, автордук гонорарларды которуу аркылуу жеке адамдын башка эсебинин каражаттары жана башка келип түшкөн каражаттар, төлөмдөр менен толуктоого.

11.1.4. Буйрук буга ыйгарым укуктуу жак тарабынан берилгендигин тастыктаган жеке PIN-кодду – жеке кол тамганын аналогун пайдалануу менен карта аркылуу Авторизация Лимитинин чегинде акча каражаттарын пайдаланууга.

11.1.5. Арыздын негизинде, Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык Карта-эсеби боюнча Кошумча карталарды тариздөөгө/жокко чыгарууга.

11.1.6. Аталган Эрежелердин жана Келишимдин шарттары менен каралган тартипте Картаны бөгөттөө же бөгөттөн чыгаруу тууралуу арыз менен Банкка кайрылууга.

11.1.7. Төлөм Карта ээсинде кандайдыр бир наразычылыктар болсо, жүргүзүлгөн Карта операциясынан кийинки 30 (отуз) календардык күн ичинде бул тууралуу дооматты Банкка жиберүү керек. Кечигип кайрылуу учурунда жүргүзүлгөн Карта операциялары тастыкталбаган болуп саналат жана Банк Төлөм карта ээсинин дооматтарын кабыл албайт.

11.1.8. Аталган Эрежелердин 10.1.7-пункттунда көрсөтүлгөн мөөнөттө арыз берилсе жана Банк талап кылган кошумча маалыматтар 5 (беш) банк күнүндө берилсе, акча каржаттарды калыбына келтиртүүгө укуктуу. Өзүнчө доомат боюнча Банк талап кылган маалыматтар берилбеген/ толук берилбеген/ өз убагында берилбеген учурда Банк дооматтарды карап чыгууну токтотот. Мында дооматтануу жагдайы Банктын пайдасына оң чечилген учурда Төлөм карта ээсинин Карта-эсебиндеги акча каражаттар калыбына келтирилет.

11.1.9. Негизги/Кошумча банктык төлөм картасын жоготуп, уурдатып, бузуп жана/же уруксатсыз пайдаланылган, Пин-кодун жоготуп, магниттик сызыгын урунтуп же картанын реквизиттери өзгөргөн учурда аны кайра чыгаруу Арызы менен кайрылууга.

11.1.10. Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык Система менен бериле турган тейлөө кызматтарды колдонууга.

11.1.11. Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык, аталган Кошумча карта ээсине жол-жоболоштурулган Кошумча картага бөгөт коюу/бөгөттөн чыгаруу ыйгарым укугун Кошумча картанын ээсине берүү.

11.1.12. Келишимдин жарактуу мөөнөтү аяктаганга чейинки 30 календардык күн мурун Банкка Карта-эсебин жабуу тууралуу арыз берүү менен Келишимди бузуу.

**11.2. Карта ээсинин милдеттери:**

11.2.1. Карта-эсебин ачуу жана картаны чыгаруу үчүн Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарында, Банктын ченемдик документтеринде каралган бардык керектүү документтерди Банкка берүүгө.

11.2.2. Төлөм Карта ээси аталган Эрежелердин жана Келишимдин шарттарын сактоого, ошондой эле, Аталган Эрежелердин жана Келишимдин тиешелүү шарттарын сактоону камсыздоого.

11.2.3. Пайда болгон карыздарды аталган Эрежелер менен каралган мөөнөттө жабууга.

11.2.4. Банктын тейлөөлөрүн аталган Эрежелердин шарттарына жана Банктын Тарифтерине ылайык төлөөгө. Карта операцияларын жүргүзүүдө жасалган транзакциялар үчүн Банктын комиссияларынын суммасын эске алууга.

11.2.5. Төмөндөбөгөн калдык азайган учурда (Карта операциялары, Банк комиссиялары үчүн төлөм суммаларын алууда жана Банкка болгон карыздарын жабууда) төмөндөбөгөн калдыктын суммасын калыбына келтирүү максатында, Банктан билдирүү келип түшкөндөн 5 (беш) банк күнүнөн кеч калбай акча каражаттарды Карта-эсебине которууга.

11.2.6. Төлөм Карта ээси аталган Эрежелердин шарттарына ылайык төмөндөбөгөн калдыктын суммасын толуктабаган, Банк комиссияларын өз убагында төлөбөгөн, карта операцияларынын суммасын толуктабаган учурда, ошондой эле Картанын Негизги картасы боюнча дагы, Кошумча картасы боюнча дагы Банкка болгон башка карыздарды төлөбөгөн учурда кошуп эсептелинген туумдарды төлөөгө. Туумдар жалпы төлөнбөгөн мөөнөттө Банктын Тарифтери менен бекиген Овердрафт боюнча пайыздык чендердин өлчөмүндө кошуп эсептелинет.

11.2.7. ПИН-код же Төлөм Карта ээсинин же Кошумча карта ээсинин кол тамгасы менен тастыкталган Картаны колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча бардык чыгымдарды толук көлөмдө көтөрүүгө.

11.2.8. Аталган Эрежелердин жана Келишимдин шарттарына ылайык, Карта-эсеби боюнча чыгарылган бардык Карталарды колдонгондугу үчүн Банк алдында толук жоопкерчиликти алууга.

11.2.9. Акча каражаттарды топтоо жана толуктоо, ошондой эле, карта боюнча акча каражаттардын кыймылы жана транзакциялары үчүн карта-эсебин пайдаланууга.

11.2.10. Карта жоголгон, уурдалган же уруксатсыз пайдаланылган учурда, аталган Эрежелерде жана Келишимдерде каралган тартипте Картага бөгөт коюу талабы менен тезинен Банкка оозеки же жазуу түрүндө кайрылууга.

11.2.11. Банктын колдонуудагы Тарифтерине ылайык Картага бөгөт коюлгандан кийинки 5 (беш) Банк күнүнөн кеч калбай Стоп-баракка коюу менен Картага бөгөт коюу боюнча чыгымдарды Банкка төлөөгө.

11.2.12. Аталган Эрежелердин жана Келишимдин шарттарына ылайык Карта-эсеби боюнча чыгарылган Картанын/лардын Келишими бузулган учурда, Келишимдин бузулуусу тууралуу жазуу түрүндөгү билдирүү бир тараптан берилгенден кийинки 5 (беш) банк күнүнөн кеч калбай Банкка өткөрүп берүүгө.

11.2.13. Аталган Эрежелердин шарттарына ылайык Карта-эсеби боюнча чыгарылган тишелүү Картаны/ларды кайтаруу тууралуу билдирүү бир тараптан берилгенден кийинки 5 (беш) банк күндүн ичинде жана Банктан тиешелүү билдирүү жазуу түрүндө келип түшкөндөн кийин Карта операцияларын жүргүзүүнү токтотууга.

11.2.14. Техникалык Овердрафтка жол бербөөгө жана Карта-эсебинин абалына туруктуу көзөмөл жүргүзүүгө.

11.2.15. Картаны үчүнчү жакка бербөөгө. Үчүнчү жактын Картаны пайдалануусуна жол бербөөгө. Аталган шарттардын бузулуусу Банк тарабынан Картанын алынышына, бир тараптуу тартипте Келишимдин бузулушуна жана келтирилген бардык чыгымдардын Банкка кайтарылып берилишине алып келет.

11.2.16. Картанын жарактуу мөөнөтү бүткөнгө чейинки 10 (он) банк күнүнөн мурда Картаны кайра чыгаруу арызы менен Банкка кайрылууга. Төлөм Карта ээси Картаны кайра чыгаруу арызын бербеген учурда карта автоматтык түрдө жокко чыгарылат жана кардардын арызы боюнча жаңы Карта чыгарылат.

11.2.17. Операциялардын Реестрине ылайык Картаны пайдалануу менен жасалган бардык Карта операциялары үчүн төмөнкү учурларда 30 (отуз) календардык күн ичинде төлөөгө:

- Төлөм Карта ээси Банктын демилгеси боюнча картаны жокко чыгаруу тууралуу жазуу түрүндөгү билдирүүнү алган күндөн тарта;

- Стоп-баракка койбостон Төлөм Карта ээсинин тиешелүү арызынын негизинде Банк тарабынан Картага бөгөт коюлган күндөн тарта.

11.2.18. Банк талап кылгын бардык маалыматтарды жана Кардардын ишмердигине жана алар тарабынан жүргүзүлгөн банк операцияларына тиешелүү документтерди 5 (беш) күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын ички жол-жоболоруна ылайык берүүгө.

11.2.19. Төлөм карта ээсинин күнөөсү менен пайда болгон Банктын чыгымдарын жана соттук чыгымдарды, ошондой эле, Картага бөгөт коюу жана/же уурдалган/ жоголгон Картаны алуу менен байланышкан чыгымдарды толук көлөмдө калыбына келтирүүгө.

11.2.20. Өз реквизиттеринин өзгөргөндүгү тууралуу (жашаган дареги, телефон номуру, электрондук дареги e-mail, факс номуру) өзгөргөн күндөн кийинки 5 күндөн кечиктирбестен Банкка жазуу түрүндө билдирүүгө.

## 12. Техникалык овердрафт

12.1. Техникалык Овердрафт пайда болгондо Төлөм Карта ээси аталган Эрежелерде бекитилген мөөнөттө, аталган Банктын Тарифтери менен Банктын комиссияларын эске алуу менен, Банкка Техникалык Овердрафттын толук суммасын төлөөгө милдеттүү;

12.2. Карта-эсебине келип түшкөн акча каражаттар карыздын жалпы суммасын жабуу үчүн аталган датага карата төмөнкү кезектүүлүк менен Банкка жиберилет:

- Техникалык Овердрафттын комиссиялары;
- Техникалык Овердрафт;
- Төлөм Карта ээси же Кошумча Карта ээси төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн Картаны үчүнчү жакка бергенде жана ПИН-кодду айтып салганда;
- Жасалган карта операциялары, ошондой эле, Картаны пайдалануу менен үчүнчү жактын жасаган операциялары жана анын аналогдору же Картанын реквизиттери үчүн.

12.3. Техникалык Овердрафт пайда болгондугу тууралуу Банк Төлөм Карта ээсине билдирүү жибергенден кийинки 5(беш) банк күнүнүн ичинде Техникалык Овердрафт жабылбаса, карыз төмөндөбөгөн калдыктык эсебинен жабылат. Төмөндөбөгөн калдыктыктын эсебинде Техникалык Овердрафтты жабууга акча каражат жетишпесе, карыздын калган суммасы аталган Эрежелердин 10.1.9-пунктуна ылайык алынат.

## 13. Тараптардын жоопкерчиликтери

13.1. Банк Карта-эсеби боюнча жаңылыш жүргүзүлгөн операция үчүн жоопкерчилик албайт. Бул учурда Банктын жоопкерчилиги жаңылыш жүргүзүлгөн операцияны артка кайтаруу менен гана чектелет.

13.2. Банк Төлөм Карта ээсинин операциялары боюнча купуялыкты сактоого жоопкерчиликтүү болот.

13.3. Банк төмөнкү учурларда жоопкерчиликтүү болбойт:

- Картаны тейлөөдөн баш тарткан үчүнчү жак үчүн;
- Картаны пайдалануу менен товар сатып алууларды жүргүзүүнүн жана тейлөөлөрдү колдонуунун сапаты үчүн;

- Төлөм карта ээсинин кызыкчылыктарына тиешелүү үчүнчү жак бекиткен Карта боюнча кошумча сыйлыктар (кызыкчылыктар), жеңилдиктер жана чектөөлөр үчүн;

- Төлөм Карта ээсинин/Кошумча Карта ээсинин уурдалган/ жоголгон Картаны Стоп-баракка бөгөт коюу/коюу тууралуу талабы менен Банкка өз убагында кайрылбоосунун кесепеттери үчүн;

- Банктан көз каранды болбогон себептерден улам, Картаны пайдалануу менен жасалган операциялардын маалыматтарды кабыл алуу, тазалоо жана өткөрүп берүүнү камсыздаган системанын ишиндеги бузулуулар менен байланышкан жагдайлар үчүн;

- Төлөм Карта ээсинин жана Кошумча Карта ээсинин ортосундагы талаштарды жана пикир келишпестиктерди жөнгө салуу;

- Төлөм карта ээсинин аталган Эрежелердин шарттарын, ошондой эле алардан келип чыккан эрежелерди жана милдеттенмелерди бузган учурда анын кесепетинен пайда болгон чыгымдар үчүн;

- Төлөм карта ээси SMS, e-mail, факс аркылуу маалыматтарды берүү тууралуу суроо талап жиберген же маалыматтарды жиберүү тууралуу көрсөтмө берген учурда Төлөм карта ээсинин аталган каналдар аркылуу жибериле турган маалыматтардын купуялуулугу үчүн;

- Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарына ылайык берилген ыйгарым укуктуу органдардын жана кызматтык адамдарынын тиешелүү документтеринин негизинде, карта-эсеп боюнча операцияларды токтотуу же акча каражатты камакка коюу учурунда карта-эсеби боюнча транзакцияларды жасоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу;

13.4. Төлөм карта ээси төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болот:

- уурдалган/ жоголгон Картага бөгөт коюу тууралуу талабы менен Банкка өз убагында кайрылбагандыгы үчүн;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана аталган Эрежелерге ылайык, Карта-эсебине жаңылыш которулган акча каражаттарды Банкка кайтарып бербеген учурда;

- Картаны пайдалануу жана карта боюнча транзакцияларды жүргүзүү үчүн керектүү маалыматтарды (PIN-код, коддук сөз ж.б.) айткандыгы, картаны ыйгарым укуктуу жактардын уруксатсыз пайдалангандыгы, картаны башка жакка бергендиги үчүн;

- Төлөм Карта ээсинин жасаган операциялары үчүн;

- Келишимдин шарттарынын жана аталган Эрежелердин талаптарынын сакталбагандыгынан улам Банкка келтирилген чыгымдар үчүн - Банкка келтирилген чыгымда толук көлөмдө;

- Аталган Эрежелерге ылайык Банкка берилген маалыматтардын аныктыгы жана толуктугу үчүн. Кардар келишимде камтылган маалыматтардын өзгөрүшү тууралуу тез арада кабарлоого милдеттенет. Туура эмес же толук эмес маалымат берген же маалыматты өз убагында бербеген учурда, ага байланышкан чыгымдарды Кардар толук көлөмдө калыбына келтирет;

- Төлөм карта ээсинин күнөөсү боюнча келтирилген чыгымдар жана соттук чыгымдар толук көлөмдө Банкка кайтарылат;

13.5. Ар кандай кырсыктардан: өрт, сел, жер титирөө, техникалык бузулуулар, программалык камсыздоонун, электр жабдууларынын, өткөрүп берүү системасынын иштен чыгуусу жана Тараптардан көз каранды болбогон башка учурларда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы, Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдары Тараптарга же Тараптардын бирине карата чечимдерди, токтомдорду, буйруктарды, аныктоолорду ж.б. кабыл алып, ага ылайык аталган Эрежелердин милдеттемелерин тиешелүү түрдө, өз мөөнөтүндө аткаруу мүмкүн болбой калган учурда, бул жагдайлардын таасирин азайтуу үчүн аракет көргөн, аталган Эрежелердин шарттарын мүмкүн болушунча толук аткарууга аракет жасаган, аталган Эрежелердин милдеттенмелерин аткарууга тоскоолдук кылган Тараптардын шартында, Тараптар өз милдеттемелерин толук же кайсы бир бөлүгүн аткаруу жоопкерчилигинен бошотулат.

13.6. Аталган Эрежелердин 13.5-пункттунда көрсөтүлгөн форс-мажордук жагдай жаралганда, мындай жагдайга туш болгон Тарап 10 (он) календардык күндүн ичинде кийинки Тарапка тиешелүү компетенттүү органдарга берилген тастыктоочу документтердин тиркемелери тиркеп, жагдай тууралуу маалымдайт.

## 14. Кошумча шарттар

14.1. Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдары өзгөргөн учурда, аталган Эрежелердин шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген бөлүгү боюнча иштей берет. Ал эми аталган Эрежелердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген бөлүгү өз ишин токтотот жана Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарынын ченемдери колдонулат.

14.2. Системанын эрежелерине өзгөрүү кирген учурда Тараптар аталган Эрежелерди аткарууда, киргизилген өзгөртүүлөрдүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген бөлүгүн эске алуу менен Системанын эрежелеринин ченемдерин пайдаланышат.

14.3. Тараптар картаны, PIN-кодду же эсепке кирүүчү  башка каражаттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операцияларды, Төлөм Карта ээси жүргүзгөн операция катары тааныйт.

14.4. Карта ээси Төлөм карта ээсинин жана/же Кошумча Карта ээсинин Банкка Картага бөгөт коюу тууралуу талабы менен Банкка оозеки кайрылганда Төлөм карта ээсинин жана/же Кошумча Карта ээсинин Банк менен телефон сүйлөшүүсүн жазып алууга макул болот.  Банк жана Төлөм Карта ээсинин жана/же Кошумча Карта ээсинин телефон аркылуу сүйлөшүүсүнөн жазылып алынган жазуу, Төлөм Карта ээсинин жана/же Кошумча Карта ээсинин Картага бөгөт коюу тууралуу талабы менен Банкка оозеки кайрылуусун тастыктаган факт болуп саналат.

**15.Талаштарды жөнгө салуу**

15.1. Төлөм Карта ээсине  Карта операциялары аркылуу жүргүзүлгөн чыгымдарды эсепке алуу жана мүмкүн болгон талаштарды чечүү үчүн чектерди сактоо сунушталат.

15.2. Төлөм Карта ээси карта операциялары боюнча акча каражаттарды алуунун туура экендигин тастыктаган документтердин көчүрмөсүн талап кылууга укуктуу.

15.3. Төлөм карта ээсинин атынан Visa International Эл аралык төлөм системасынын, MasterCard Incorporated Эл аралык төлөм системасынын алдында чыккан бардык талаш маселелер боюнча дооматтарды кабыл алуу учурунда, Төлөм Карта ээси Банкка жазуу түрүндө кайрылат.

15.4. Visa International Эл аралык төлөм системасынын, MasterCard Incorporated Эл аралык төлөм системасынын Эрежелери менен талаш Карта операциясын карап чыгуу боюнча бекитилген мөөнөт – операцияны жүргүзүлгөндөн кийинки отуз күн. Доомат негиздүү болгон учурда Банк Карта операцияларынын суммасын Төлөм Карта ээсинин эсебинде калыбына келтирет.

**16.Доомат коюу тартиби**

16.1. Карта Банктын банкоматы тарабынан кармалып алынганда Кардар Банктын каалаган филиалына/сактоо кассасына инсандыгын тастыктаган документтерин көрсөтүп, аты-жөнүн, байланыш булактарын, банкоматтын жайгашкан жерин, картаны алуу убактысын жана күнүн белгилеп, атайын арыз менен кайрылуусу керек. Арыз Кардардын инсандыгын күбөлөндүргөн документ менен тастыкталат жана кол тамгасы коюлат. Арыздын каралып чыгуу мөөнөтү 7 (жети) жумуш күндөн ашпайт.

16.2. Карта башка Банктын банкоматы тарабынан алынганда Кардар Банктын каалаган филиалына/сактоо кассасына инсандыгын тастыктаган документтерин

көрсөтүп, аты-жөнүн, байланыш булактарын, банкоматтын жайгашкан жерин, Банктын аталышын, картаны алуу убактысын жана күнүн белгилеп, жагдайды толук түшүндүрүп, атайын арыз менен кайрылуусу керек. Арыз Кардардын инсандыгын күбөлөндүргөн документ менен тастыкталат жана кол тамгасы коюлат. Кардардын арызынын негизинде, Банк Кардардын картасын алган Банк-эквайрерге Банктын ыйгарым укуктуу кызматкери тарабынан картаны алуу үчүн кайрылат. Аткаруу мөөнөтү Банк-эквайрер тарабынан аныкталат.

16.3. Банктын банкоматынан акча каражат берилбеген учурда Кардар Банктын каалаган филиалына/сактоо кассасына инсандыгын тастыктаган документтерин көрсөтүп, аты-жөнүн, байланыш булактарын, банкоматтын жайгашкан жерин, картаны алуу убактысын жана күнүн белгилеп, атайын арыз менен кайрылуусу керек. Арыз Кардардын инсандыгын күбөлөндүргөн документ менен тастыкталат жана кол тамгасы коюлат. Нак акча каражат берүү боюнча операциянын аягына чыкпай калгандыгы тууралуу билдирүү менен Банктын банкоматы тарабынан берилген чекти арызга тиркеп коюу керек. Арыздын каралып чыгуу мөөнөтү 7 (жети) жумуш күндөн ашпайт.

16.4. Башка Банктын банкоматынан акча каражат берилбеген учурда, Кардар Банктын каалаган филиалына/сактоо кассасына инсандыгын тастыктаган документтерин көрсөтүп, аты-жөнүн, байланыш булактарын, банкоматтын жайгашкан жерин, Банктын аталышын, картаны алуу убактысын жана күнүн белгилеп, жагдайды толук түшүндүрүп, атайын арыз менен кайрылуусу керек. Арыз Кардардын инсандыгын күбөлөндүргөн документ менен тастыкталат жана кол тамгасы коюлат. Нак акча каражат берүү боюнча операциянын аягына чыкпай калгандыгы тууралуу билдирүү менен, акча каражат бербеген Банк-эквайрердин банкоматы тарабынан берилген чекти арызга тиркеп коюу керек. Кардардын арызынын негизинде, Банк берилбеген акча каражатты кайтаруу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу тууралуу кат менен Банк-эквайрерге кайрылат. Аткаруу мөөнөтү Банк-эквайрер тарабынан аныкталат.

**Аталган Эрежелер төлөм картаны чыгаруу менен Жеке адамдын карта-эсеп Келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана Төлөм Карта ээси тарабынан милдеттүү түрдө аткарылат.**